**И. АРАБАЕВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК: 378.147(575.2)(043.3)

**ХАСАНОВ НАВРУЗ БАРОТОВИЧ**

# ТЕХНИКАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНЫН СТУДЕНТТЕРИНИН ОРУС ТИЛИ САБАГЫНДА СҮЙЛӨӨ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(орус тили)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу
үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Жаштар менен иштөөнү уюштуруу жана орус тилин өнүктүрүү» кафедрасында аткарылды.

**Илимий консультант:** **Добаев Кыргызбай Дүшенбекович**, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын стратегиялык өнүктүрүү борборунун директору

**Расмий оппоненттер:** **Ахметова Нурлан Алымкуловна**, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин факультеттер аралык орус тили кафедрасынын башчысы

**Шаханова Розалинда Аширбаевна,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин орус тили жана адабияты кафедрасынын профессору

**Тагаев Мамед Джакыпович,** филология илимдеринин доктору, профессор, Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Орус тили институтунун директору

**Жетектөөчү мекеме:** **К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин** орус тили жана адабияты, кыргыз тили кафедралары: дареги: 722360, Кыргыз Республикасы, Каракол ш., К. Абдрахманов көчөсү, үй 103

Диссертациялык иш 2021-жылдын 17 декабрында саат 13-00 И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдердин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10- кичирайон, Т. Саманчин көчөсү, 10-а.

Диссертацияны коргоонун жүрүшүн онлайн трансляциянын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d13- oyf-pc2-yyg

Диссертация менен Д.13.20.623 диссертациялык кеңеши түзүлгөн И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 16-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Мамлекетибиздин чет өлкөлөр менен активдүү кызматташуусу, экономикалык реформаларды жүргүзүүсү, Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк мейкиндикке биригүү жана глобалдашуу процесстерине байланыштуу болуу менен ар бир жарандын кесипкөйлүгү, сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли анын сапатына түздөн-түз көз каранды болгондуктан, башка маданияттардын өкүлдөрү менен ишкердик карым-катнаш түзө алган адистерди даярдоо зарылдыгы келип чыгууда.

Мындан улам, бүгүнкү күндө жогорку кесиптик билим берүү системасынын алдында тездик менен өзгөрүп бара жаткан коомдун талабына ылайык кесипкөй адистерди даярдоо максаты турат. Анткени, адистерди салттуу даярдоо бүгүнкү күндүн заманбап талабына жооп бербей калды. Ошондуктан, күнүмдүк маалымат агымын анализдей билген, ар кандай татаал маселелерди акыл – эстүүлүк менен чечүүгө жөндөмдүү, ой жүгүртүүсү ыкчам, чыгармачыл, командада активдүү иштей алган, сынчыл көз караштагы жаңы адамдарды тарбиялоого туура келип отурат.

Транспорт жана экология институтунун (ИНТРАНСЭКО), Архитектура жана дизайн институтунун (ИАД), Курулуш жана технологиялар институтунун, (ИСиТ) жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Н. Исанов атындагы кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин студенттеринин сүйлөө компетенциясынын калыптанышын текшерүү максатында биз жүргүзгөн изилдөө, көптөгөн студенттердин орус тилинде пикир алмашуусунда кыйынчылыктар келип чыккандыгын көрсөттү. Көпчүлүк студенттердин жазуу жана оозеки кебинде көп сандаган грамматикалык каталардын болушу кеп маданиятынын төмөндүгүнөн кабар берди.

Тилди окутуу методикасында оозеки байланышты түзүү өзгөчө орунду ээлеп, кесиптик билим берүүдө бул маселе окуу жайдын кесипкөй бүтүрүүчүсү болуусунда чоң роль ойной тургандыгын педагогика илиминин доктору Е.А Смирнованын «сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу – бул максат, милдет, бирок, баарынан да билим берүүнү, заманбап илимди жана өнөр жайды модернизациялоо шартында ар бир кесиптик сектор келечектеги кесипкөй адисти даярдап чыгууда өзгөчө актуалдуу» деген ойлоруна кошулбай коюуга болбойт.

Жогорку мектепте, көп учурда техникалык окуу жайда, орус тилин окутуунун максаттарынын бири – студенттердин сүйлөөсүн калыптандыруу жана өстүрүү болуп саналат. Бул маселеден алганда акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын окуу жайларында улуттук – орус тилдүүлүк (кош тилдүүлүк) окуу процессинде колдонулуусу колдоорлук көрүнүштөрдөн болууда.

"Кыргыз Республикасынын расмий тили жөнүндө" Мыйзамында белгиленгендей, "Кыргыз Республикасынын расмий тили болуп, мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө, мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасынын сот өндүрүшүндө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коомдук турмушунда, башка чөйрөлөрдүн ар кандай учурларында жана шарттарында мамлекеттик тили менен катар колдонулган расмий тил болуп орус тили эсептелет".

Бул жагдай, окутуу орус тилиндегилерге эле эмес, башка тилдерде сүйлөөчүлөрдүн да дүйнөлүк билим берүү системасына кошулуу мүмкүнчүлүгүн берет. Белгилөөчү нерсе, орус тилине Кыргызстанда көбүрөөк көңүл бурулгандыктан, көптөгөн кесиптерди орус тилинде окуп, үйрөнүшүп, орус тили эне тили менен катар эле кесиптик билим берүү системасында жигердүү масштабда колдонулат.

«Кыргыз тилинде окутулган мектептердин X-XI класстарынын орус тили боюнча жана IX-XI класстарынын орус адабияты боюнча программасынын» акыркы оңдолушунда (авторлор К. Д. Добаев, Г. С. Тагаева) кыргыз мектептеринде орус тилин окутуунун заманбап стратегиясы: «Эне тилин үйрөнүү менен катар эле орус тилин үйрөнүү жана алар менен кызматташуусун кыргыз мектептеринин окуучуларынын кош тилдүүлүгүнүн чындап калыптануусу үчүн сунуштайт, эки тилди алардын негизги формаларында билүү деген түшүнүк, ошол эле деңгээлде сизге өз оюн айтууга жана жеткиликтүү түрдө сүйлөшүүгө (кийлигишүү деңгээлин минималдаштыруу менен), ошондой эле үйрөнүп жаткан тилде биринчи денгээлдеги керектүү маалымат булагын колдонууга мүмкүндүк берет». Бул маселени Кыргыз Республикасынын техникалык университетинде орус тилин үйрөтүүгө түздөн-түз байланыштырсак болот.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу маселеси ар дайым лингводидактиктердин, методисттердин, окутуучулардын негизги максаты катары каралып, ал көйгөйлөрдөн кантип чыгуу маселеси кыргыз, чет өлкөлүк төмөнкү окумуштуулар тарабынан каралып келгендиги маалым:

1) п*сихологиялык аспектте* (Бабаев Б. Ф., Городилова Г. Г., Жинкин Н. И., Зимняя И. А., Кабардов М. К., Кацнельсон С. Д., Китайгородская Г. А., Коссов Б. Б., Леонтьев А. А.);

2) *педагогикалык аспектте* (Асипова Н. А., Ахметова Н. А., Бабаходжаева М. О., Байденко В. И., Добаев К. Д., Зеер Э. Ф., Митрофанов К. Д., Кажигалиева Г. А., Кондубаева М. Р., Кабдулова К. Л., Манликова М. Х., Матвеев А. А., Наркозиев А. К., Нежиховская Е. М., Сартбаева Г. К., Сластенин В. М., Трофимова Г. С., Шаханова Р. А., Хуторский А. В.);

3) м*етодикалык аспектте*: *а) чет тилин окутуу* (Аксёнова Н. В.,

Архипова Г. С., Гез Н. И., Зимняя И. А., Кузьмина Е. В., Лапидус Б. А., Леонтьев А. А., Мухина Т. Г., Пассов Е. И., Пиотровский Р. Т., Скалкин В. Л., Фоломкина С. К.);

*б) эне тилин жана орус тилин окутуу* (Ахметова Н. А., Биялиев К. А., Буртасенкова Щ. М., Вишнякова Т. А., Гойхман О. Я., Гонцова С. А., Голуб И. Б., Городилова Г. Г., Григорьева В. П., Данцев А. А., Добаев К. Д., Захарова Е.В., Кажигалиева Г. А., Кабдулова К. Л., Капитонова Т. И., Кондубаева М. Р., Манликова М. Х., Митрофанова О. Д., Мотина Е. И., Покушалова Л. В., Теплицкая Т. Ю., Устинова Н. И., Шаханова Р. А, Ходжиматова Г. М.);

*в) диссертацияда, орус тилин үйрөнүү процессиндеги коммуникативдик байланыш көндүмдөрүн калыптандыруу* (Алиева Т. С., Ахмедов И. Р., Бабаходжаева М. О., Гусейнова Т. В., Гирич З. И., Грабой Т. А., Давыдов Л. Д., Долматовская Е. Ю., Костецкий И. В., Мамонтова Н. Ю., Мирманова А. М., Молоткова Н. В., Мукимова Н. Н., Стасюкевич И. В., Тарева Е. Г., Хасанова М. Р., Ходжиматова Г. М., Хрептулева Л. И.).

Тилекке каршы, бизди кызыктырган тармакта орус тили сабактарында студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга арналган тийиштүү маалыматтар өтө аз экендигин Бийназарова Н. С., Доолоталиева Г. С., Дуйшонбекова Ж., Замуруева Н. А. Смирнова А. А. иштеринде жогоруда аталган маселелер козголгондугу менен далилдесек болот.

Айрым изилдөөлөрдө тилди үйрөнүүнүн ар кандай аспекттери каралган, анын ичинде, техникалык профилдеги жогорку окуу жайларындагы орус тилинин долбоордук ыкмаларын колдонуу – Таштанкулова Ж. Ж, Землинская Б. А.; улуттук топтордордогу жана тилдик эмес окуу жайлардын студенттерине орус сөз түзүмдөрүн жана атайын лексиканы окутуу – Гонцова С. А. тилдик эмес окуу жайларда, терминологияны адистик боюнча окутуунун методикасы - Долматовская А. Ю., Ходжиматова Г. М., жазуу кебинин кээ бир формаларын пайдалануу менен оозеки монологиялык кепти өркүндөтүү - Ильина Ж. В.; улуттук топтордогу студент-бакалаврларды кесиптик багыттагы окууга орус тилинде окутуу - Касаболотова Г. А. жана башкалар.

“Орус тили” сабагы Кыргыз Республикасынын техникалык университеттеринин студенттери окуп, үйрөнүүчү предметтердин тизмезине киргендиктен, лингвисттер белгилегендей, лингвистикалык сабактарды окутуу каралбагандыыктан, техникалык университеттердин көптөгөн бүтүрүүчүлөрүнүн сүйлөө жөндөмдүүлүгү, кесиптик чөйрөдө, жеткиликтүү пикир алышууда дайыма эле жемиштүү боло бербейт.

**Изилдөө процессинде төмөнкү карама-каршылыктар аныкталды:**

– жогорку кесиптик маданиятка ээ, кесиптик ишмердүүлүктү аткара

алган адистерде коомдун муктаждыгы жана жаш адистердин коллектив менен мамиле куруудагы сүйлөө компетенциясынын өнүгүү деңгээлинин бул талапка жооп бербегендиги.

– сөз компетенциясынын мааниси жана жаш адисти кесиптик даярдоодо бул компетенцияны түзүү процессинин жетишсиз иштелип чыгылгандыгы;

–инженерлердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптануусун окутуу методдорун практикада колдонуу зарылдыгы менен техникалык окуу жайдын бакалавр – студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптанышын окутуу ыкмаларынын иштелип чыгуусунун жетишсиздиги.

Теориялык жана практикалык планда маселенин актуалдуулугу, карама-каршылыктары, жетишсиз иштелип чыгуусу, изилдөөнүн "***Техникалык жогорку окуу жайынын студенттеринин орус тили сабагында сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу”*** темасын тандоого түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Изилдөө Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин (КМКТАУ) "Жаштар менен иштөөнү уюштуруу жана орус тилин өнүктүрүү" кафедрасынын изилдөө иштеринин алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты**: техникалык университетте орус тилин окутуу процессинде студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн илимий негизделген методиканы түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Педагогикалык, лингвистикалык, методикалык, психолингвистикалык адабияттарды талдоонун негизинде изилдөө маселесиндеги изилдөө даражасын билүү; техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн маңызын түзүүчү компоненттерди аныктоо.

2. Окутуунун методдорун жана ыкмаларын тандоодо тапшырмага ылайыктуу кылып тандоо.

3.Техникалык университеттин студенттеринин орус тили сабагында грамматикалык, орфографиялык жана баарлашуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган эксперименталдык окутуунун түзүлүлүш принциптерин аныктоо.

4. Орус тилин окутуу процессинде студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун мазмунун жана системасын өнүктүрүү;

5. Орус тилин окутуу процессинде студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн көнүгүүлөр системасын иштеп чыгуу.

6. Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин аныктоочу баштапкы чекиттердин топтомун аныктоо.

7. Техникалык окуу жайдын студенттери үчүн орус тили боюнча программалардын, окуу китептеринин жана окуу куралдарынын мазмунун талдоого алуу.

8. Техникалык окуу жайдын студенттерине орус тилин окутуу үчүн көнүгүү системасынын натыйжалуулугун жана ыкмасын эксперименталдык жол менен текшерүү.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**:

– Техникалык университеттин студенттеринин "орус тили" курсун үйрөнүүсүндө, студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун методикалык системасынын негизделгендиги жана иштелип чыгылгандыгы;

– сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптануу процесси жана мазмундук компоненттеринин аныкталгандыгы;

– Орус тили сабактарында студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу көндүмдөрүн жана жөндөмүн акырындык менен жакшыртууга мүмкүндүк бере турган, улам татаалдашкан тапшырмалардын тутумунун мазмуну менен компоненттеринин аныкталгандыгы;

– "Шаардык курулуш", "автомобилдер жана автомобилдик чарба", "Архитектура жана ландшафттык дизайн", "маалыматтык системалар жана технологиялар"адистиги боюнча окуп жаткан техникалык окуу жайлардын студенттеринин орус тилин билүү деңгээлинин аныкталгандыгы;

– Техникалык окуу жайлардын студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча студенттерди окутуу үчүн окуу - тилдик материалдарды тандоонун принциптери жана критерийлеринин аныкталгандыгы;

– орус тили сабактарында студенттердин сүйлөө активдүүлүгүн стимулдаштырып, жогорулатуу үчүн окуу китептер жана усулдук колдонмолор атайын иштелип чыккан салттуу көнүгүүлөр жана тапшырмалар менен толукталгандыгы;

– студенттин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр системасын колдонуунун натыйжалуулугу эксперименталдык түрдө негизделгендиги.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** :

– билим берүүчү жана көзөмөлдөөчү мүнөздөгү окуу куралдарын түзүү үчүн коммуникативдик грамматикалык принциптеринин негизинде тилдик материалдарды тандоо боюнча практикалык сунуштамалардын иштелип чыгылгандыгында;

– "орус тили"боюнча окуу программасын, жумушчу окуу планын, окуу-методикалык материалдардын комплекси даярдалгандыгында;

– техникалык окуу жайлардын студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу процессинин оптималдуулугу үчүн көнүгүүлөрдүн методикалык тутумунун иштеп чыгылгандыгында.

**Диссертацияны коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Техникалык окуу жайларда сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу методикасы орус тилин окутуунун жүрүшүндө"Орус тили" курсунун үч этабында (грамматикалык, орфографиялык жана коммуникативдик көндүмдөрдүн калыптанышы) ишке ашырылышы, үч этапта ар бири өз методдору жана ыкмаларын үйрөтүү иштери, структурасы жана аудиториялык сабактарды уюштуруудагы принциптери жана аларды көзөмөлдөөнүн жолдору аркылуу мүнөздөлөт.

2. Жаш адистердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн түзүлүшүнүн мааниси, кесиптик коммуникация чөйрөсүндөгү сүйлөшүүнү талап кылган шартта, ар кандай өндүрүштүк кырдаалдарда баарлашуунун белгилүү стилин тандап, өзүнүн көз – карашын аргументтүү далилдөөгө жардам берет.

3. Студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн түзүүчү көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды тандоо, студенттердин орус тилин окутуу методикасындагы профессионалдык тапшырмаларды аткарууда теориялык билимге жана практикалык жөндөмдөргө ээ болушуна өбөлгө түзүп, компетенттүү мамиленин негизинде жүргүзүлөт;

4. Студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана усулдук системасын ишке ашыруу стратегиясы дидактикалык каражаттарды тандап алуу менен (студенттердин тил түшүнүктөрүн өздөштүрүү кыйынчылыктарын эске алуу менен тапшырмаларды коюу) ишке ашырылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

– изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин түзгөндүгү;

– изилдөө жүргүзүүнүн ырааттуулугу, илимий – изилдөө базасы жана этаптарын аныктагандыгы;

– студенттердин орус тили сабагындагы сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда эксперименттик иштердин этаптарын негиздегендиги менен тастыкталат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана аныктыгы:** келечектеги инженерди даярдоо жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн түзүү процессиндеги заманбап көз карашка негизделген методологиялык ыкмаларды тандоо, кесиптик даярдоонун мазмуну, теориялык жана практикалык ыкмалардын комплексин пайдалануу, изилдөөнүн адекваттуу проблемасы, көп жылдык тажрыйба-эксперименттик иштерге автордун түздөн-түз катышуусу, изилдөөнүн натыйжаларынын ар кандай этаптарын системалуу текшерүү, эксперименттик маалыматтарды сандык жана сапаттык талдоо, эл аралык жана республикалык конференциялардын жүрүшүндө талкууланып,

ар кандай деңгээлдеги басылмаларда жарыяланып, басылып чыккан илимий апробациялар жана материалдар менен кеңири камсыздалды.

**Изилдөөнүн апробацияланышы:** Изилдөөнүн негизги илимий натыйжалары 1 монографияда, 6 окуу куралында жана 50 макалада чагылдырылган, анын ичинде 15 (Орусия) жана 27 (Кыргызстан) макалалар Россиянын илимий Цитаталык Борборунда катталган, жана 8 эл - аралык, республикалык илимий–практикалык конференциялардын материалдары жыйнагында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Иш киришүү, үч баптан, корутунду, жыйынтык, практикалык сунуштар, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан маселенин актуалдуулугу, диссертациянын темасы менен илимий программалардын ортосундагы байланыш негизделип, изилдөөнүн максаттары жана милдеттерин аныкталып, иштин жаңылыгын жана практикалык маанисин, изденүүчүнүн жеке салымын, изилдөө ишинин жыйынтыктарын сыноо, эксперименттин баскычтары, изилдөөнүн эксперименталдык базасы, диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда жарыяланышы толугу менен чагылдырылып ачып берилет, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн системасы берилет.

**Биринчи бап "Техникалык университеттин студенттеринин орус тили сабагында сүйлөө жөндөмүн калыптандыруунун теориялык негиздери"** деп аталып, анда илимий-теориялык, методикалык адабияттардын жардамы менен ой жүгүртө алуу жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн лингвистикалык жана лингводидактикалык негиздери; учурдагы тенденциялар, университетте окутуунун педагогикалык милдеттери жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өздөштүргөн студенттердин жалпы көйгөйлөрү; окуучулардын кесиптик жөндөмүн калыптандыруудагы сүйлөө жөндөмдүүлүгү; табигый инженердик коммуникациялар; техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмүн калыптандырууда "Орус тили" сабагынын ролу жана мааниси; техникалык университеттеги орус тили боюнча окуу куралдарына жана окуу усулдук-колдонмолоруна сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жагынан талдоо жүргүзүү тууралуу аныктама, негиздемелер берилет.

**Биринчи баптын биринчи бөлүмү “Сүйлөө жөндөмүн илимий адабияттардагы лингвистикалык, лингводидактикалык негиздеринин орду”** деп аталып, азыркы учурда билим берүү системасында компетенттүүлүккө негизделген мамиле шартында, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга чоң маани берилет. Жаш адис билимдүү гана эмес, күтүлбөгөн байланыш кырдаалдарында пайда болгон татаал маселелерди чечип, өзүнүн кесиптик жана инсандык өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болгон сүйлөө

маданиятын көзөмөлдөп турушу керектиги негизделет.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгү – орус тилинин жардамында эркин сүйлөөгө ээ болуу, туура сүйлөө, жекелик баарлашууда кандай болсо, өз алдынча да шыр жана мазмундуу сүйлөө, угулган жана окулган сөздү жакшы түшүнүү, анын ичинде ар кандай функциялык стилдеги сөздөрдү сүйлөй билүү жана анын маанисине түшүнүү – келечектеги адистин маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгү тил компетенттүүлүгү менен, сүйлөшүү практикасынын кеңири чөйрөсүндө баарлашуу ар кандай жанрдагы адабиятты ири көлөмдө окуу менен бекемделет жана ал коммуникациялык компетенцияны аныктайт.

Белгилей кетсек, тилдик жана коммуникативдик компетенциядан айырмаланып, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн студенттин кесиптик талаптарга багытталган сүйлөө жүрүм-турумдарын чагылдырып, дискурсивдик мүнөздү алып жүрөт. Кептик ишмердүүлүк адамга карата бинардык функцияны аткарат: ал сүйлөө – ой жүгүртүү ишинин бир бөлүгү болуп, инсандын өнүккөндүгүн жана чыныгы маани - маңызын чагылдырууга өбөлгө түзөт.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгү – адистин негизги жеке жана кесиптик компетенцияларынын бири, ошондуктан аны түзүү маселелери ЖОЖдун билим берүү процессинде өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгү адам өзү жашап турган коомдун шартында баарлашуусу зарыл болгон учурда пайда болот. Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн структуралык – мазмундуу өзгөчөлүгү төмөндөгүдөн турат: "белгилердин жана символдордун системасы болгон тил менен (тилдик компетенциясы) жана ийгиликтүү баарлашуунун (коммуникациялык компетенттүүлүк) ортосундагы өзгөчө байланышка ээ болуп, тилдик билим берүүнүн компоненттеринин арасында өзгөчө орунду ээлейт.

Орус тилин окутуу методикасы боюнча М. Х. Манликованын терминологиялык справочник - сөздүгүндө сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө мындайча аныктоо келтирилет: "Сүйлөө жөндөмдүүлүгү коммуникативдик компетенциянын курамына кирет. Бул ой жүгүртүүнү тил аркылуу түзүүгө ээ болууну жана сөздүн жаралуу жана кабылдоо процессинде ушундай ыкмаларды колдоно алууну билдирет”.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн сандык жана сапаттык курамы жөнүндө кеңири сөз кылганда, бул аракет көзгө илинбеген майда же кеңири болушу мүмкүн, бирок кеп компетенциясы тилдик компетенция сыктуу эле өзү максаттына жете албайт, ал коммуникативдик компетенцияга карай жолдогу ортодогу звено болуп эсептелет. Анткени ал, окулуп жаткан тилдин уңгусуна жана салттуу маданиятына, ченемдерине ылайык баарлашуу процессинде өз ара маселелерди жеткиликтүү чечүү үчүн зарыл болгон

көлөмдө өздөштүрүүдө жатат. Ошондуктан, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн мазмуну, окутуунун ар түрдүү деңгээлдери жана этаптары мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленген".

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында (ЖКББ) карала турган жобонун керектүү маалыматтарына жалпылап талдоо жүргүзүү, максаттарды коюу жана тандоо жолдору, ага жетүүнүн зарылдыгы (ИК-1); – жөндөмдүү, логикалык жактан туура, аргументтештирип, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн сөзүн оозеки жана кат жүзүндө жана ачык түзүүгө (ИК-2); – чет тилдеринин бирине социалдык деңгээлде баарлашууга ээлик кылууга (ИК-3); – ишкердик карым-катнашты жүзөгө ашырууга жөндөмдүү: кенен аудиторияда сүйлөөгө, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, кеңешмелерди, иштиктүү кат алышууну, электрондук коммуникация (ИК-4); – окуп жаткан тилдин бардык функционалдык стилдеги сөздөргө ээлик кылат".

Окумуштуулар (В. Ф. Аитов, Н. И. Алмазова, В. И. Байденко, Н. С. Бийназарова, Г. К. Борозенец, К. Д. Добаев, И. А. Зимняя, А.К. Наркозиев, Е. И. Пассов, В. И. Сластенин, М. М. Сыдыкбаева, М. А. Чошанов, В. Д. Щадриков, А. В. Хуторский ж.б.) компетенттүүлүктү студенттердин интегративдик мүнөздөмөсүнө чейин кыскартышат, бул алардын ишмердүүлүгүнүн ийгилигин аныктоочу билим, тажрыйба, мотивация, жөндөм дешет. А. К. Наркозиев бул терминди: “Адистин (бүтүрүүчүнүн) жөндөмдүүлүгү, эгерде мүмкүнчүлүк (көйгөй жагдайы жана ресурстар) болсо, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүктүн жөндөмүн (билими, жөндөмү жана тажрыйбасы) көрсөтүүгө даярдыгын (мотивациясы жана жеке сапаттары) билдирет”.

Айрым окумуштуулардын көз карашында (И. Р. Ахмедов, О. М. Буртасенкова, З. И. Гирич, К. Д. Добаев, Г. Дуйшенбекова, Г. С. Доолоталиева, Л. А. Дунаев, Р. В. Дружинина, С. К. Калдыбаев, М. Х. Манликова, Э. Р. Нуркулова, И. В. Стасюкевич, М. М. Сыдыкбаева, А. К. Чалданбаева) модулдук технологиялар менен билим берүү процессин уюштурууга жардам берип, ыңгайлашкан мамиле, белгилүү бир компетенттүүлүктү алууда бүтүрүүчүлөргө жардам берет, анткени ал, окутуу чөйрөсүндө мугалимдер менен студенттердин ортосундагы билимди, көндүмдөрдү, социалдык маанилүү сапаттарды билдирет деп белгилешет.

Лингвистикалык изилдөөлөрдө сүйлөө жөндөмдүүлүгү "өзүнүн курагы үчүн абдан маанилүү болгон баарлашуу тибиндеги жана бардык түрдөгү сүйлөө ишинин чөйрөлөрүндөгү негизги көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн деңгээлине кирет”. Андыктан, лингвист үчүн тилдик компетенттүүлүк – ар кандай дискурстардын түрлөрүн түзүү жана түшүнүү жөндөмү болуп саналат. Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн бөтөнчөлүгү анын дисциплиналар аралык мүнөздөгү динамикасын аныктаса, "Сүйлөө жөндөмдүүлүгү” түшүнүгү тил

илими алкагынан чыгып, психология жана педагогиканын концепциялык аппаратына кирет. Сүйлөө ишмердүүлүк түшүнүгү дүйнөлүк жана советтик илимге биринчи жолу Л. С. Выготский тарабынан аргументтештирилип киргизилген жана анын шакирттери (Л. И. Божович, П. Я. Гальперин, А. Н. Леонтьев, А. Р. Лурия) тарабынан өнүктүрүлгөн.

Педагогикада сүйлөө жөндөмдүүлүк эки интерпретацияга ээ: биринчи, "билим катары, областтардагы, чөйрөгү, коммуникациялык кырдаалдарга, тил системасындагы билимдердин жыйындысына, анын функцияларына жана түзүмүнө туура келген сүйлөшүүдөгү жүрүм - турумунун жеке программаларын иштеп чыгууга жана башкаларды түшүнүүгө зарыл болгон жөндөмдөр тажрыйбалар жана экинчи, тилдик аспаптарды орфографиялык, пунктуациялык жана сөз сабаттуулугуна жетүү үчүн башкарып, пайдаланууга болгон жөндөмдөрдүн зарылдыгы".

Сүйлөө жөндөмдүүлүгү адамдын тил жөндөмүнүн белгилүү бир социалдык шарттарда актуалдашуусунун негизинде түзүлөт. Бул компетенттүүлүктүн категорияларынын семантикалык талаасынын кеңири алкагында бардык изилдөөчүлөр белгилегендей, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн ошол эле контексттик, социалдык мүнөздө келип чыгаары анык. Ушул позициядан алганда, Н. Н. Романова жана А. В. Филиппованын сүйлөө жөндөмдүүлүгү – орус тилин иш жүзүндө эркин сүйлөөгө ээ болуу, туура сүйлөө, өз ара пикир алышууда  кандай болсо, өз алдынча ойду билдирүүдө да ошондой эле шыр жана арымдуу сүйлөө, угулган жана окулган сөздү жакшы түшүнүү, анын ичинде ар кандай функциялык стилдеги сөздөрдү сүйлөө жана түшүнүү".- деген аныктамасы менен бекемдесек болот.

Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн маңызы анын түзүмүнүн сүрөттөлүшү жок аныкталышы мүмкүн эмес. Биздин изилдеп жаткан ишибиздин түзүмдүк компоненттери компетенцияны аныктоого карата үч негизги ыкма боюнча изилдөөчүлөрдүн күч-аракеттерин жалпылоонун негизинде аныкталышы мүмкүн. Сүйлөө жөндөмдүүлүгү түзүмү, биздин көз - карашыбызда:

– ишмердүүлүктүн социалдык-практикалык багытына байланышкан мотивациялык жана максаттык;

– "белгилүү бир иштин (компетентностный мамиле) дискурсуна багытталган билимдин жана жөндөмдүн комплексинин болушун мүнөздөгөн, мазмундуу; субъекттин кесиптик мааниге ээ болгон психологиялык сапаттарынын дараметин аныктаган, жекелик (акмеологиялык мамиле)" компоненттердин жыйындысы катары көрсөтүлүшү мүмкүн.

**Биринчи баптын экинчи бөлүмү "Заманбап тенденциялар, университетте окутуунун педагогикалык милдеттери жана студенттердин сүйлөө жөндөмүн өздөштүрүүнүн жалпы көйгөйлөрү" –деп аталып, анда,** А.А. Вербицкий жогорку билим берүү системасынды жалпы кырдаалды

мүнөздөгөн тенденцияларды бөлүп көрсөткөндүгү. *Биринчи тенденция* – “университеттик билимди үзгүлтүксүз коомдук билим берүү тутумунун органикалык компоненти катары таануу”. *Экинчи тенденция* – университеттик билим берүүнүн "индустриализациясы" бул техникалык каражаттарды, компьютерлештирүүнү жана билим берүүнү алгоритмизациялоо. *Үчүнчү тенденция* – “маалыматтык формалардан окутуунун жигердүү методдору менен формаларын колдонууга өтүү, көйгөйлүү элементтерди пайдалануу, илимий изилдөө, студенттердин өз алдынча эмгек резервдерин кеңири колдонуу”. Окумуштуунун көз карашында *төртүнчү тенденция* – “регламенттештирилген, текшерилүүчү, алгоритмдик жол менен уюштурулган окуу - тарбия процессин башкаруудан, өнүктүрүүчү, активдештирүүчү, ыкчамдатуучу, ойноочу, психологиялык жана дидактикалык шарттарга өтүүнүн жолдорун издөө”, ал эми *бешинчи жана алтынчы тенденция* – “уюштуруу” студент-мугалимдин өз ара аракеттенүүсү окутууну уюштурууну билдирет, анда "басым мугалимдин окутуучулук ишинен студенттин таанып-билүү ишаракетине өтөт".

Окуучуларды окутуу жана тарбиялоо процесстериндеги негизги тенденциялар орус тилинин мугалиминин алдына коюлган тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууну сунуштайт, бул окууну гана өркүндөтүп койбостон, эң негизгиси студенттин инсандыгын өркүндөтүүгө түрткү болот.


**Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү “Кесиптик чеберчиликти калыптандырууда сүйлөө жөндөмдүүлүгүн маселелери”** деп, анда окутуунун коммуникациялык маңызы – бул тааныш эмес аудиториянын мүнөздөмөлөрүнө ыкчам багыт берүү, формаларды, окуу куралдарын салыштыруу, ошондой эле угуучулардын жана баарлашуудагы өнөктөштүн мүмкүн болуучу реакцияларын болжолдоо сыяктуу окутуу ыкмалары же формалары. Бул фактылардын бардыгы орус тилин окутууга заманбап мамилени мүнөздөгөн негизги же баштапкы учурлар. Университеттин бүтүрүүчүсү ар дайым жогорку кесиптик чеберчиликке жетишкен адис боло бербей, ал үчүн анын кесипкөйлүгүн өркүндөтүүгө каражат болушу керек.

С. Вершловский белгилегендей, “адистин калыптануусунун соңу анын калыптанып жаткан баскычтагы инсандыгынын натыйжасы, жарандык позициясын билдирүүсү, кесиптик билим берүү баскычында инсанды калыптандыруунун жалпы натыйжасы”. В. В. Сериковдун билим берүү элементтери “билгичтик, аң-сезимдүүлүк жана аң-сезим” деп эсептелет.

**Биринчи баптын төртүнчү бөлүмү "Чыныгы инженердик байланыш"** темасына арналган. Биздин изилдөөбүздүн максаты, жогоруда айтылгандай, инженердик чөйрөдөгү оозеки байланышты түзүү жана өркүндөтүү. Инженердик коммуникацияны "билим берүүчү жана кесиптик темалардагы таанымал, кесиптик жана тилдик деңгээлде так спецификага ээ

болгон моносоциалдык оозеки байланыш" деп түшүнгөн И. Б. Авдееванын пикири менен макул болбой коюуга болбойт. Инженердик коммуникация, ар кандай сүйлөө процессинде ишке ашырылып, башка коммуникациялар сыяктуу эле, "үч компоненттен турат: дискурс, текст жана аныктыктын өзгөчөлүктөрүнө ээ чындык" ( 1.1 - таблица)

**1.1. Таблица – Инженердик коммуникация**




“Инженердик коммуникация” – деп адистердин өз ара сүйлөшүүсү түшүнүлөт, анда бул контексттеги "чындык" "байланыш үчүн материалдык шарттардын жыйындысы" катары эмес, адистик инженердин акылында пайда болгон "дүйнөнүн образы" чегинде болот. Инженердик байланыш же башка жол менен, инженердик иш-аракет көз карандысыз сүйлөө тутуму катары кабыл алынат. Анын чегинде тексттер жана дискурстар таанып-билүүчүлүк жана прагматикалык деңгээлде так аныкталган, маалымат агымы текстке катуу көңүл бурулат: а) тексттин конкреттүү дареги, б) инженердик коомдо иштөөчү тексттердин түрлөрүн жана жанрларын шартташтыруу. Биринчи курстун студенттеринин негизги милдети предметтик маалыматты билүү болуп эсептелет, ошондуктан окуу китептеринин, методикалык иштелмелердин тексттери лекциялык курста окула турган ырааттуулукта алынышы керек.

**Биринчи баптын бешинчи бөлүмүндө “Техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмүн калыптандырууда "Орус тили" сабагынын ролу жана мааниси”** жөнүндө сөз болуп**,** техникалык университетте "Орус тили" предмети инженердик адистеги студенттерди даярдоодо өзгөчө орунду ээлөө менен орус тилин окутуу маанилүү социалдык тапшырманы аткарган дисциплина жана улуттар аралык пикир алышуунун каражаты катары өзүнө карата өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Анткени, техникалык университетте орус тилинин практикалык курсу студенттердин оозеки жана жазуу жүзүндөгү жөндөмүн жана тажрыйбасын өркүндөтүүгө жана кийинки сабактарды кабыл алууга даярдоого багытталгандыктан, ал студенттердин орус тилинин практикалык грамматикасы боюнча билимдерин жана тажрыйбасын өнүктүрүп, тереңдетүүгө өбөлгө болуу менен бирге, бир катар башка татаал маселелерди өз ичине камтыйт. Алардын бири- студенттерди кесиптик кептик байланыш көндүмдөрүнө жана жөндөмдөрүнө үйрөтүү болуп саналгандыктан, аталган параграфта ошол маселелерге

кененирээк токтолууга туура келет. Маселен: жалпы колдонулган сөздөрдүн лексикалык минимумдарын кеңейтүү; - адистиги боюнча текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү ыкмаларын үйрөтүү; - кесиптик- окуудагы пикир алышууда колдонуу максатында, тексттен керектүү маалыматтарды, сүрөттөлүштү, интерпретацияны жана жалпылоону бөлүп кароо; -илимий тексттеги ар түрдүү маалыматтардын тилдик формада айтылышы жөнүндөгү билимдердин системасын түзүү;- текст боюнча иштөө: сүрөттөө, жалпылоо, корутунду;- илимий тексттердин негизинде логикалык ой жүгүртүүнү жана өз оюн эркин билдирүүнү өнүктүрүүгө жана активдештирүүгө көмөктөшүү болуп саналат. Учурда "Орус тили" дисциплинасынын негизги максаттары болуп: - орус тили дүйнөсү, орус тилиндеги негизги терминдер жана түшүнүктөр менен тааныштыруу, сүйлөө өзгөчөлүгүн тактоо, тил жана сүйлөө түшүнүгүн ажыратуу;- тил жана сүйлөө боюнча билимди тереңдетүү, монологдук жана диалогдук сүйлөшүүнүн чегин аныктоо, жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн өркүндөтүү; - иш чөйрөсүндө баарлашууга үйрөтүү, иш структурасы менен бизнес жолугушууларды, телефондук сүйлөшүүлөрдү, аңгемелешүүнү өткөрүүгө үйрөтүү;- сүйлөө актысынын түзүлүшүнүн структурасын, башкача айтканда коммуниканттардын социалдык ролдорун, алардын социалдык тажрыйбасын, контекстин, коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандырууну талдоо;- сүйлөө техникасын өздөштүрүү, орус адабий тилинин нормаларын билүү;- камеранын алдында, микрофондун алдында сүйлөй алуу, техникалык каражаттарды, компьютердик системаларды, электрондук почтаны, домофонду келечектеги иштеринде колдонуу.

Жогорудагы проблемаларды чечүүдө студенттер макалаларга, тексттерге аннотация түзүүнү; илимий стилди башка сүйлөө стилдеринен айырмалоону; ар кандай мүнөздөгү пландарды түзүүнү (суроо, аты, тезис); адистиги боюнча тексттерди пайдаланууну, илимий адабияттар менен иштөөнү; ар кандай темадагы резюмелерди, рефераттарды жана докладдарды түзүүнү; сабакта сүйлөгөн сөздөрүнө киришме түзүүнү, макалаларга, мезгилдүү басылмалардын тексттерине пикирлерди жана рецензияларды жазууну; өздөрүнүн баяндамаларынын, докладдарынын презентацияларын даярдоону, дискуссияларга, конференцияларга катышууну, докладдардын тезистерин түзүүнү, эле оозеки жана жазуу түрүндөгү сүйлөө көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн туура колдонуу үйрөнүштү.

**Биринчи баптын алтынчы бөлүмүндө** Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, орус, тажик, казак, кыргыз илимпоздорунун изилденип жаткан темадагы тезистери, республиканын лингвистикалык эмес университеттериндеги орус тили боюнча окуу китептери талдоого алынат.

Мамлекеттик билим берүү стандартында (МБУ) орус тилиндеги лингвис-

тикалык эмес университеттин бүтүрүүчүсү:-"лексикалык бирдиктерди жана сөз жасоонун негизги моделдерин айкалыштыруунун негизги жолдору жөнүндө түшүнүккө жана күнүмдүк жана кесиптик баарлашуу чөйрөсүндө, эл алдында сүйлөө негиздерине, -сүйлөө ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүнө жана жөндөмдөрүнө;- ишкердик кат алышуу формаларына, келишимдердин, контракттардын, патенттердин формасы жөнүндө түшүнүккө;- башкаруу ишинде тексттик документтерди даярдоо көндүмдөрүнө;- расмий иш жазуунун нормаларын өздөштүрүүгө ээ болууга тийиш деп айтылат.

Аталган сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу боюнча: *Авдеева И. Б., Аитов В. Ф., Андриенко А. С., Алиева Т. С., Бабаходжаева М. О., Васильева Т. В., Гирич З. И., Грабой Т. А., Долматовская Е. Ю., Замуруева Н. А., Ильина Г. В., Костецкий. И. В., Кукушкина О. В., Левина Г. М.* жана тажик окумуштууларынан: *Мукимова Х. Х., Сафаров С. С., Ходжиматова Г. М.* диссертацияларында чагылдырылган. Кыргыз окумуштууларынан *Касаболотова Г. А., Доолоталиева Г.С., Дүйшөнбекова Г., Заркенова Ж. Т., Наркозиев А. К., Сартбекова Н. К., Супатаева Э. А., Сыдыкбаева М. М., Таштанкулова Ж. Ж.* жана башкалардын диссертациялары талданды. Бул изилдөөлөр келечектеги адистердин тигил же бул түрдөгү керектүү көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандыруу үчүн оптималдуу деңгээлдеги оозеки практика ар бир студент үчүн керек деген жалпылоолорду чыгарууга мүмкүндүк берди.

Тилдик эмес чөйрөнүн сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда, сабактарда тийиштүү маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берген шарттуу-коммуникативдик көнүгүүлөрдү колдонуу жетишсиз. Ошондуктан, студенттерге ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн берүү, кандайдыр бир көйгөйлөрдү чечүү, аларды чечүүнүн жолдору жөнүндө ой жүгүртүүсүнө, өз сөздөрүнүн мазмунуна басым жасоо үчүн, ойго басым жасоого мүмкүндүк берип, ойлордун логикалык жактан туура түзүлүшү боюнча иштешине көмөк көрсөтүү керек.

Техникалык университетин орус тили сабактарында студенттердин сүйлөө жөндөмүн өркүндөтүүнүн жана калыптандыруунун мазмуну, шарттары, формалары, ыкмалары жана ушул көйгөйлөрдү чечүү ***"Техникалык жогорку окуу жайдын студенттеринде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун материалдары жана методдору" деген экинчи бап изилдөөгө алуунун объектиси болуп калды.***

**Изилдөөнүн объектиси:** техникалык окуу жайдын студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** техникалык университеттин студенттеринин орус тилин үйрөнүүдө сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга компетенттүү мамиле.

**Изилдөөнүн гипотезасы**: техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу натыйжалуу болот, эгерде:

– техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун маңызын, мазмунун, өзгөчөлүктөрүн ачып берсе;

– техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда окутуу ыкмаларынын мүмкүнчүлүктөрү аныкталса;

– илимий сүйлөө стилинин тексттеринин негизинде техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн көнүгүүлөр системасы иштелип чыгылып, өндүрүшкө киргизилсе;

– техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн ийгиликтүү калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттар негизделсе.

Коюлган милдеттерди чечүү жана гипотезаны текшерүүдө изилдөөнүн өз ара байланышкан төмөнкү **ыкмалар** комплекси колдонулду.

**Теориялык**: изилденүүчү маселе боюнча философиялык, психологиялык-педагогикалык, методикалык адабияттарды жана ченемдик документтерди изилдөө; изилдөө предметин жана изилдөө маселесин салыштырып талдоо, синтез, классификациялоо, моделдөөнү жалпылап берүү;

**Эмпирикалык:** байкоо, анкета жүргүзүү, аңгемелешүү, үйрөнүү жана педагогдук иштин тажрыйбасын жалпылоо, эксперттик баа берүү; педагогикалык эксперимент; анкетирлөөгө педагогикалык баа берүү, сандык маалыматтарды талдоодо математикалык статистиканы колдонуу.

**Изилдөөнүн этаптары:** Изилдөө 2012- жылдан 2019 – жылга чейин жүргүзүлдү.

**Биринчи этапта** (2012 – 2014-жж.) изденүүчү теориялык окутуунун жана практикалык иш-аракеттердин натыйжасында көйгөйлөрдү аныктады. Жыйынтыктардын базасында иштин негизги темасы аныкталып, көйгөйлүү маселелердин план, программалары түзүлдү. Диссертант иштин объектисин жана предметин белгилеп, илимий гипотезаны коюп, аткарылуучу милдеттер аркылуу жетүүгө зарыл болгон максаттар койду. Жазылуучу иштин темасынын негизинде изилдөөнүн актуалдуу, зарыл болгон ыкмалары тандалып алынып, техникалык жогорку окуу жайында студенттердин орус тили сабактарында сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу көйгөйлөрү иликтөөгө алынды.

**Экинчи этапта** (2015-2016-жж) изилдөө ишинин гипотезасы аныкталып, көйгөйдү чечүүгө окутуучу этабы ишке ашырылып, үзгүлтүксүз эксперименттин үстүндө иш жүргүзүлдү.

**Үчүнчү этапта** (2016-2019-жж) Формативдик эксперимент жүргүзүлүп, контролдук бөлүмдөрдүн жыйынтыктары иштелип чыгып, системаштырылып, жалпы жыйынтык корутундулар такталды.

**Негизги изилдөө базасы:** Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик

курулуш, транспорт жана архитектура университети. Иш Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Жаштар менен иштөөнү уюштуруу жана орус тилин өнүктүрүү» кафедрасында аткарылды.

Изилдөөнүн ар кандай баскычтарында "Транспорт жана экология институту", "Архитектура жана дизайн институту","Жаңы маалыматтык технологиялар институту", “Курулуш жана технологиялар институту", "Экономика жана менеджмент институту” институттардын 500 дөн ашык студенттери жана Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин "Жаштар менен иштөөнү уюштуруу жана орус тилин өнүктүрүү" кафедрасынын 15-окутуучусу катышты.

**Экинчи баптын биринчи бөлүмүндө** студенттердин сүйлөө жөндөмү көбүнчө окуу процессинде калыптанат жана алардын (студенттердин) ой-пикирдин мазмунун, кырдаалды, коммуникативдик ниеттерди билүү деңгээли, кесиптик байланыш чөйрөсүндө оозеки жана жазуу түрүндө сүйлөө иш-аракеттерин канчалык эркин жүргүзүп жаткандыгы менен аныкталат. Анткени, татаал билгичтикти чагылдырган сүйлөө байланыштары белгилүү бир кептик байланыштардан жана мамилелерден турган бир нече компоненттерден түзүлгөн системалуу кептик мааниге ээ болот.

Талдоо көрсөткөндөй, техникалык университеттин студенттеринин ортосунда сүйлөө жөндөмүн калыптандырууга, маалымат технологиясынын мотивациясы жана таасири көпчүлүк студенттердин орус тилин үйрөнүүсүнө түрткү берет.

Профессор Е. И. Пассовдун сөзү боюнча тилдерди үйрөнүүгө таасирин тийгизген мотивациянын эки түрү бар, тышкы жана ички.

Тышкы мотивация жеке адамдын өнүгүү келечеги менен байланышкан мотивацияны жана кеңири социалдык мотивацияны камтыйт. Ички мотивация негизинен билим берүүнүн иш-аракетинин натыйжасында пайда болгон мотивация (оперативдик-инструменталдык мотивация) жана коммуникативдик мотивация менен аныкталат. Биз сүйлөөнү - сүйлөө иш-аракетинин мотивдери, ар дайым тилден тышкары нерсе делген табигый алкакта карайбыз.

**Экинчи баптын экинчи бөлүмү орус тилинде студенттердин өз алдынча иштерин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн аудиториянын циклинде жана аудиториядан тышкаркы иш-чараларды уюштурууга арналган**. Бул изилдөөдө, биз өз алдынча иштөөнү сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун бир жолу деп эсептөө менен ал окуу процессинин индивидуалдуушусу катары, контролдук түрдө, жекече жана топтук билим берүү иш-аракеттери, аудиторияда, аудиториядан тышкары мезгилде да жүргүзүлөөрүн жана аны окутуунун негизин студенттер менен

окутуучунун өнөктөштүк мүнөзүндөгү өз ара аракеттешүүсү түзө тургандыгын белгиледик.

Ошол эле мезгилде бул таанып-билүү процесстеринин чоң жигердүүлүк менен жүрүшүн мүнөздөп жана окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана студенттердин өмүр бою өз билимдерин толуктоого даярдоо каражаты катары кызмат кыла тургандыгын анализдөө менен анын натыйжасында алынган тесттин жыйынтыктары көптөгөн студенттердин өз алдынча ишин пландаштырууда жана уюштурууда кыйынчылыктарга туш болушааарын анализдеп, билдик.

Жүргүзгөн анализдин баштапкы абалы болуп окутуучу тарабынан уюштурулуп, башкарылган жана берилген тапшырманы аткарууну көздөгөн студенттердин аудиториядагы окуу иштери менен аудиториядан тышкаркы иштери болду.

**Экинчи баптын үчүнчү бөлүмүндө** техникалык университеттин студенттерине оозеки сүйлөөнү үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрү талданды. Башкача айтканда курулуш боюнча илимий тексттердин типологиясын аныктап, адистик боюнча колдонулган тексттердин негизинде оозеки сүйлөөнү окутуу системасын жакшыртуунун методологиялык жана теориялык өбөлгөлөрүн ачууга аракет кылынды. Анын натыйжасында техникалык университеттин студенттери үчүн орус тилинде оозеки сүйлөө көндүмдөрүн жакшыртуу, эгерде, оозеки сүйлөөнү калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү атайын көнүгүүлөр системасы иштелип чыгылса, кеп окутуу системасын курууда көп улуттуу топко мүнөздүү болгон кыйынчылыктарды эске алуу менен колдонулса гана эффективдүү болот деген жыйынтыкка келдик.

**Экинчи баптын төртүнчү бөлүмү коммуникативдик- кырдаалдык көнүгүүлөр студенттердин сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу каражаты катары ачылат, ал эми бешинчи бөлүм сүйлөө жөндөмүн калыптандыруудагы кырдаалдык көнүгүүлөргө арналат.**

Бул бөлүмдө окуу процессинде “типтик коммуникативдик кырдаалдын” мүнөздөмөсү чагылдырылат. Ал "социолингвистикалык, методикалык байланыш моделине багытталган, маектештердин сүйлөө аракеттери типтүү социалдык жана коммуникативдик ролдордо, кайталануучу сүйлөөчү стимуляциялоочу чөйрөдө ишке ашкан белгилүү бир типтелген курулуш" – деп белгиленет.

Бул маселеден алганда, студенттердин сүйлөө компетенциясын калыптандыруу процесси фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык көнүгүүлөргө негизделет.

**Экинчи баптын алтынчы бөлүмүндө техникалык университеттин студенттеринин фонетикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү баяндалат.**

Экинчи баптын алтынчы бөлүмүндө техникалык университеттин студенттерине изилдөөчү тарабынан сунушталган көнүгүүлөрдүн түрлөрү, ошондой эле алар өз ишинде жолуккан каталарды оңдоо жолдору берилген Анда диссертант көп учурда, мындай каталарды фонетизмдерге – бул сөзгө кирген тыбыштарды тамгалар менен белгилөөнүн тиешелүү эрежелерин эске албастан, анын угуу сезимине негизделген жазылышына байланыштырса болорун белгилейт, мисалы: *напорот (наоборот), покадые (богатые), соведую (советую) – каткалаң жана жумшак үнсүздөрдү айырмалабоо*; *писсатель (писатель)* – кош үнсүздөр; *знат (знать)*-үнсүздөрдүн жумшактыгын жазууда көрсөтпөө менен байланышкан каталарды студенттер кетиришет, биринчиден, студент ал сөздүн маанисин билет, бирок анын жазылышын эстебей калган. Экинчиден, студент бул сөздү жазуу эрежесин окуганда, ал жерде жазуу менен катар анын туура жазуу аракетин унутулуп калган, же үн менен тамганын ортосунда туура эмес байланышты байкабаган. Үчүнчүдөн, студент бул сөздү жазуу эрежесин окуганда, ал жерде ылайыкташкан эреже болбогондуктан, унутуп калган, же үн менен тамганын ортосунда туура эмес байланыш болгондугунан. Ошондуктан, оңдоо оңой болушу үчүн, студенттин орфографиясын дайыма көзөмөлдөп туруу зарыл.

Кыргыз аудиториясында орусча сөздөрдүн айтылышы боюнча иштөө методологиясы лексикалык жана фонетикалык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү жакшыртууга багытталышы керек; алар монологдордун жана диалогдордун түзүлүшүнүн тууралыгын, логиканын зарылдыгын билүүсү үчүн сүйлөмдөрдү сабаттуу түрдө түзүү керектиги келип чыгат.

**Экинчи баптын жетинчи бөлүмү студенттердин лексикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналган.**

Аталган бөлүмдө студенттердин лексикалык компетенциясы жана бул көйгөйдү чечүү жолдору чагылдырылган. Изилдөөчүнүн көз карашында, эгерде төмөнкү кыйынчылыктар жоюлса, студенттердин лексикалык компетенттүүлүгү натыйжалуу болот: - пассивдүү лексиканын тиешелүү көлөмү менен белгилүү бир темпте берилген (талаптар мамлекеттик билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн) сүйлөөчүнүн сөзүнүн коммуникативдик ниетин жана эмоционалдык экспрессивдүү өзгөчөлүктөрүнүн мазмунун түшүнө албоо;- туура айтылышты, туура эместен ажырата албоо;- контексттен тааныш эмес сөздөрдүн маанисин болжой албоо (алардын саны 10%дан ашпашы керек жана мындай лексикалык бирдиктер негизги мааниге ээ болбошу керек);- угуу менен мааниси жакын сөздөрдүн семантикалык боёкторун ажырата албоо; - айтылгандардан негизги ойду ажырата албоо.

**Экинчи баптын сегизинчи бөлүмүндө грамматикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу жолдору талдоого алынган.**

Орус тилинин практикалык курсу грамматиканы окутуунун өзүнчө

аспектиси катары тилдин бир бөлүгү болуу менен анын максаты – грамматикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу жана грамматикалык байланыш каражаттарын өздөштүрүү болуп саналат. Белгиленген проблеманы чечүүдө диссертант грамматикалык компетенттүүлүктүн өнүгүшүнө тоскоол болгон бир топ төмөнкү кемчиликтерди белгилейт: 1) координациядагы жана ээрчишүүдөгү каталар, мисалы: *я купил новый тетрадь;* 2) башкаруудагы каталар, мисалы: *я люблю читать книга;* 3) ыкташуунун синтаксистик байланышынын бузулушу менен байланышкан каталар, мисалы: *он читал быстрый; она поехала для учиться;*4) убактылуу мамилелердин түрүндөгү каталар, мисалы: *вечером я буду посмотреть новый фильм; можно мне заходить к вам в гости;* 5) грамматикалык моделдин бурмаланышына байланыштуу каталар (толук мааниге ээ болгон сөздөрдү, десемантизацияланган этиштерди, объектинин туура эмес катышын ж. б.), мисалы: *он –студентам; я надо много заниматься;* 6) рефлексивдүү этиштердин туура эмес колдонулушу менен байланышкан каталар, мисалы: *начала война, возвращал на родину;* 7) түз жана кыйыр сүйлөөнү түзүүдөгү каталар, мисалы: *он писал я счастлив вижу этот город;* 8) сүйлөмдүн бөлүктөрүнүн тартибин бузуу (негизсиз инверсия), багыныңкы сүйлөмдөрдү түзүүдө, сүйлөмдүн синтаксистик бөлүктөрүн калтыруу, мисалы: *она жила в городе ... находился в Кыргызстане.* Грамматикалык компетенттүүлүктүн максаты – коммуникативдик компетенттүүлүктүн негизин түзгөн билимди, сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүчү грамматикалык байланыш каражаттарын үйрөтүү болуп саналат.

**Экинчи баптын тогузунчу бөлүмү "Техникалык жогорку окуу жайлардын студенттеринин профессионалдуу пикир алышуунун көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандырууга" арналган.** Аталган бөлүмдө техникалык университетте орус тилинин практикалык курсун окутуунун негизинде пайда болушу мүмкүн болгон, профессионалдуу сүйлөө, баарлашуу көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн өнүктүрүүчү болжолдуу төмөнкүдөй белгилерин көрсөтөт: - студенттердин сүйлөөдөгү каталарын угуу жана байкоо жөндөмдүүлүгү; каталарын өз убагында оңдоо;- оозеки кебин башкара билүү;- сунушталган тексттин, тапшырмалардын материалын так, даана, логикалык түрдө айта билүү;- сабакта эмоционалдуу-экспрессивдүү сүйлөөнүн көндүмдөрү жана жөндөмдөрү; эмоционалдуулук, экспрессивдүүлүк, тактык, тууралык, орус тилинде сүйлөөнүн тазалыгы; - сүйлөөгө тарбиялоо жөндөмү: окуучулардын орусча сүйлөө маданиятына тарбиялоо ж.б. болуп саналат.

**Үчүнчү баптын "Орус тил сабактарында окуучулардын сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштин этаптары"** аттуу бапта орус тилинин практикалык курсунда, студенттердин сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштин максаттарынын, милдеттеринин, баскычтарынын эффективдүүлүгүн аныктоо менен экспери-

менттин милдети төмөнкү шарттарды камтыгандыгы жана - студенттердин сүйлөө чеберчилигинин негизги деңгээлин сүйлөө ишинин төрт түрүндө аныктоо: угуу, окуу, сүйлөө, жазуу деңгээлин аныктоо;- окуу жана түшүнүү көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн деңгээлин аныктоо, керектүү маалыматты алуу;- бакалавр студенттеринин орус тили сабагында сүйлөгөн сөзүндө кездешкен типтүү, мүнөздүү каталарды белгилөө, алардын себебин жана өзгөчөлүгүн аныктоого көңүл бурулат.

Эксперименталдык иштөө ыкмалары катары:- изилдөө объектисин аныктоо;- эксперимент үчүн билим берүү стандарттарын, программаларын, окуу китептерин жана окуу куралдарын изилдөө;- кесиптештердин ишине педагогикалык көзөмөл салуу;- студенттер менен окутуучуларды сурамжылоо;- педагогикалык эксперимент жүргүзүү;- алынган эксперименталдык жыйынтыктарды анализдөө жана жыйынтык чыгаруу болуп саналат.

Эксперимент үч баскычта: аныктоо, түзүү (аралык) жана контролдоо (жыйынтыктоочу) этаптарда Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин күндүзгү бөлүмүндө 2012-2019-жылдар аралыгында жүргүзүлү. Ар кайсы жылдардагы экспериментке катышкан студенттердин жалпы саны болжол менен 500 студентти түздү. (3.1. – таблица)

**3.1. Таблица – Экспериментке катышкан студенттер туралуу маалымат**

<table>
<tr><td>даярдоо багыты</td><td colspan="2">Эксперименталдык топ (адамдар)</td><td>Көзөмөл тобу (адамдар)</td><td>Эксперименталдык мезгил (жыл)</td></tr>
<tr><td colspan="5">670300 - Транспорт процессинин технологиясы, профили: "Уюштуруу жана жол коопсуздугу";<br>670300 - Транспорт процесстеринин технологиясы, профили: "Транспортту уюштуруу жана транспортту башкаруу";<br>670300 - "Транспорттук процесстердин технологиясы", профил: "Транспорттогу бажы" (Интрансэко)</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">60</td><td>60</td><td>2016-2017 күз, жазгы семестрлер</td></tr>
<tr><td colspan="5">620100 - "Геодезия жана алыстан зонддоо", профил: "Колдонмо геодезия",<br>750500 - "Курулуш" профили "Гидротехника курулушу",<br>750500- Курулуш профили "Өнөр жай жана жарандык курулуш"(ИСиТ)</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">90</td><td>90</td><td>2017-2018 күз, жазгы семестрлер</td></tr>
<tr><td colspan="5">580100 - "Экономика, профиль" Уюмдун менеджменти ",<br>580100 "Экономика, профил:" Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит (курулушта) "(ИЭМ)</td></tr>
<tr><td colspan="5">710400 – Информатика, профиль "Программалык камсыздоо",<br>590100 - "Маалымат коопсуздугу", профил: "Автоматташтырылган системалардын коопсуздугу" (ИНИТ)</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">50</td><td>50</td><td>2018-2019 күз, жазгы семестрлер</td></tr>
<tr><td>Бардыгы(адам)</td><td colspan="4">500 киши</td></tr>
<tr><td colspan="2">ар түрдүүлүгү</td><td colspan="2">Эксперименталдык үйрөнүү</td><td>Стандарттык программа боюнча окутуу</td></tr>
</table>

Келечектеги инженерлер үчүн орус тилин билүүнүн зарылдыгы белгиленип, эксперименттин биринчи этабында келечектеги кесиптик ишмердүүлүгү үчүн орус тилин билүү зарылчылыгын баалоо максатында, 1-курстун студенттеринин арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоонун маалыматтары таблицада көрсөтүлдү. Келечектеги инженерлерде сүйлөө компетенциясын калыптандыруунун эффективдүүлүгүнүн критерийлери катары төмөнкүлөр алынды: - орус тилин үйрөнүү мотивинин оордугу; - студенттердин маалыматты түшүнүү деңгээли. Студенттерди сурамжылоо боюнча маалыматтар төмөнкү 3.2 - таблицада жана 3.1- жана диаграммада көрсөтүлгөн.

**3.2. Таблица - Орус тилин билүү зарылчылыгын баалоо**

| № п/п | Анкетанын суроолору | Институттар бонча | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Интрансэко (81 адам) | | ИСиТ ( 84 адам) | | ИЭМ (76 адам) | | ИНИТ (85 адам) | |
| | | Эксп. топ | Конт. топ | Эксп. топ | Конт. топ | Эксп. топ | Конт. топ | Эксп. топ | Конт. топ |
| 1 | Сиздин оюңузча, орус тилин үйрөнүү керектүү предметпи? | 56,1% | 43,9% | 62,0% | 38,% | 65,3% | 34,7% | 62,1% | 37,9% |
| 2 | Эгер алар милдеттүү эмес болсо, орус сабактарына катышат белеңиз? | 46,6% | 53,4% | 48,1% | 51,9% | 33,4% | 66,6% | 38,6% | 61,4% |
| 3 | Келечектеги кесибиңизде орус тили керекпи? | 42,5% | 57,5% | 44,2% | 55,8% | 56,0% | 44,0% | 46% | 54,0% |
| 4 | Орус тили кесиптик компетенция-ңызды өнүктүрүүгө жардам береби? | 52,0% | 53,2% | 54,8% | 45,2% | 50,2% | 50,8% | 53,0% | 47,0% |
| 5 | Сабакта активдүү болууга эмне тоскоолдук кылат? | 46,8% | 43,2% | 55,8% | 44,2% | 64,0% | 36,0% | 53,3% | 46,7% |
| 6 | Орус тилин билүү сизге адистигиңизге керектүү билимди тереңдетүүгө жардам береби? | 67,2% | 32,8% | 65,9% | 34,1% | 59,8% | 40,9% | 70.1% | 29,9% |
| 7 | Сиздин оюңузча, орус тили тааныш эмес чөйрөдө баарлашууга жардам береби? | 65,0% | 35.0% | 66,2% | 33,8% | 54,3% | 45,7% | 58,4 | 41,6% |
| 8 | Орус тилинде азыркыдан да жакшыраак сүйлөгүңүз келеби? | 75,7% | 24,3% | 71,8% | 28,2% | 68.9% | 31,1% | 82,3% | 17,7% |




**3.1.-диаграмма– студенттерди анкеталык суроолоо**

Жогорудагы 3.2 - таблицадан жана 3.1 - диаграммадан көрүнүп тургандай, эксперименталдык топтордун студенттери: 56,1% (Интрансэко); 62,0% (ИСТ); 65,3% (ИЭМ); 62,1% (ИНИТ) и 43,9% (Интрансэко); 38,% (ИСТ); 34,7% (ИЭМ); 37,9% (ИНИТ)контролдук топтордун студенттери орус тилин үйрөнүшөт, анткени бул предмет окуу планында бар."Эгер милдеттүү эмес болсо, орус тил сабактарына катышат беленңиз?" деген суроого: эксперименталдык топтор: 46,6% (Интрансэко); 48,1% (ИСТ); ); 48,1% (ИЭМ); 38,6% (ИНИТ); контролдук топтор: – 53,4% (Интрансэко); 51,9% (ИСТ); 66,6% (ИЭМ); 61.4% (ИНИТ). “Келечекте орус тили керекпи?” деген үчүнчү суроого: эксперименталдык топтор: 42,5% (Интрансэко); 44,2% (ИСТ); 56,0% (ИЭМ); 54% (ИНИТ); контролдук топтор:– 57,5% (Интрансэко); 55,8% (ИСТ); 44% (ИЭМ); 54% (ИНИТ) жооп берди. Студенттердин жоопторунун төмөндүгү: кээ бир студенттерге бул суроого жооп берүү кыйын болуп жатканы менен көптөгөн студенттер келечектеги адистиги боюнча иштейби же жокпу деген чечим кабыл ала электигине байланыштуу түшүндүрүлөт. "Сиздин оюңузча, орус тили тааныш эмес чөйрөдө баарлашууга жардам береби?" жана "орусча азыркыдан да жакшы сүйлөгүңүз келеби?" –деген суроолорго эксперименталдык топторго катышкан студенттердин жооптору жана контролдук топтордун студенттеринин жооптору дээрлик бирдей. Маселен, эксперименталдык топтордун студенттеринин жооптору 54,3% дан 82,3% га чейин; жана контролдук топтордун студенттеринин жооптору 17,7% дан 41,6% га чейин өзгөрүлүп отурган.

Жогорудагы аныктамалар окутуучулар тарабынан сунушталган анкеталык суроолорго жооп эң жогорку көрсөткүч болгондугу дагы бир жолу техникалык университеттин "орус тили" дисциплинасын окууга студенттердин кызыгуусунун жогорку деңгээлде экендигин көрсөттү. Төмөнкү көрсөткүчтөр эксперименталдык жана контролдук топтордо окуунун өзгөрүлбөй турган шарттарына таандык экендиги менен белгиленди: Мисалы, окутуунун узактыгы; бирдей иш убактысы (жумасына 4 академиялык саат); компетенттүүлүктү өнүктүрүү деңгээлин баштапкы, орто жана акыркы текшерүүнүн түрлөрү жана формаларынын семестрдик окуу процессине байланыштуу экендиги менен аныкталды. Экспериментти өткөрүүнүн түрдүү шарты: "Орус тилинин практикалык курсу", "Орус тили автомобилисттер жана автомобиль өнөр жайы окуу багытынын студенттери үчүн", "Орус тили информациялык системалар окуу багытынын студенттери үчүн", «Даярдоо багытынын студенттери үчүн орус тили”, “Экономика”, «Архитектура окуу багытынын студенттери үчүн орус тили» окуу – усулдук колдонмонун бирдей комплекси колдонулгандыгы болуп саналды.

Бул максатка ылайык эксперименталдык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды: 1). Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун баштапкы деңгээлин ачып берүү; 2). Эксперименттин бардык этаптарында аткарылган контрол-

дук тапшырмаларды талдоонун негизинде компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин билдирүү үчүн баалоо-критерий инструментин түзүү; 3). Методикалык жактана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өркүндөтүү үчүн көнүгүүлөр комплексин иштеп чыгуу; 4). Терминологиялык лексиканы калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн сунушталган системасынын эффективдүүлүгүн жана аны пикир алышууда колдонуу көндүмдөрүн текшерүү.

Эксперимент төмөнкүлөрдү түзүүгө мүмкүндүк берди: 1) сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу боюнча, сунушталган окутуу моделинин эффективдүүлүгүн; 2) активдештирилген лексиканы күчөтүү жана семантизациялоо ыкмаларынын сунушталган системасы коммуникативдик талаптарга жооп беришин; 3) лингвистикалык жана сүйлөө багыттары боюнча көнүгүүлөрдүн комплекси сүйлөө жөндөмдүүлүгүн пайдубалын түзө тургандыгын жана чет тилин окутууда лингвомаданий мамилени эске алуунун керектигин; 4) эксперименталдык окутуу сүйлөө жөндөмдүүлүгүн көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн эффективдүүлүгүн ачууну, изилдөөнүн жумушчу гипотезасын тастыктоону.

Эксперименталдык жана контролдук топтордун сүйлөө жөндөмдүүлүгүн түзгөн көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн баштапкы деңгээли болжолдуу түрдө бирдей баа берүүгө мүмкүн болбой тургандыгы далилденген төмөнкү 3.3 -таблицадан байкалат.

**3.3. Таблица - Экспериментке чейин жана андан кийинки сүйлөө ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо.**

| Анализдин критерийлери | Институттар боюнча | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Интрансэко (81киши) | | | | ИСиТ ( 84 киши) | | | | ИАД (76 киши) | | | | ИНИТ (85 киши) | | | |
| | Эксп. топ | | Конт. топ | | Эксп. топ | | Конт. топ | | Эксп. топ | | Конт. топ | | Эксп. топ | | Конт. топ | |
| | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин | чейин | кийин |
| тил материалын туура түзүү жана аны сүйлөөдө колдонуу жөндөмү | 8 | 22 | 5 | 15 | 9 | 23 | 3 | 15 | 4 | 19 | 3 | 13 | 19 | 26 | 5 | 17 |
| пикир алышуудагы грамматикалык жана лексикалык жактан туура сүйлөмдөрдүн саны | 12 | 20 | 6 | 16 | 7 | 19 | 4 | 13 | 8 | 17 | 5 | 12 | 11 | 22 | 9 | 9 |
| орус тилин үйрөнүүдөгү көз карандысыздык | 14 | 21 | 7 | 11 | 6 | 18 | 6 | 11 | 6 | 21 | 8 | 12 | 18 | 23 | 7 | 11 |
| сүйлөө материалын уюштуруунун ыкмаларынын жаңычылдыгы | 8 | 15 | 11 | 15 | 8 | 22 | 4 | 9 | 4 | 16 | 4 | 8 | 9 | 12 | 6 | 12 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, эксперименталдык топтордон (ИНТРАНСЭКО) 8 адам башында, 25 адам аягында, ИСиТтин студенттери 9-23, ИЭМ студенттери - 4-19; тилдик материалдын экспериментин туура түзө билип, ИНИТтин студенттери тапшырманы 19-26 адам аткарышты.Экинчи тапшырма, баарлашууда грамматикалык жана лексикалык жактан туура сүйлөмдөрдүн санын аныктоо. ИНИТ студенттеринен эксперименттин башында 11 студент тапшырманы аткарса, аягында алардын саны – 23 жетти. Башка институттардын арасында экинчи критерий боюнча жыйынтыктар: 12-20 студент - (ИНТРАНЭКО); 7-19 - (ИСиТ); 8-17 студент - (ИАД).

Орус тилин үйрөнүүдөгү көз карандысыздык маселеси боюнча жеңген студенттердин саны эксперименттин башында 6дан, ал эми аягында - жаңы маалымат технологиялары институтунда – 24 болду.

Ошондой эле, эксперименттин аягында эксперименталдык топтордун студенттери профессионалдык терминдерди туура колдоно башташты, кесипке багытталган диалогду орус тилинде түзүштү.

Студенттердин орус тилиндеги сүйлөө ишмердүүлүгүнүн сапаттуу анализи тилдик материалды туура структуралоодо жана аны сүйлөөдө эффективдүү колдонуу жөндөмү орточо деңгээлден төмөн экенин көрсөттү, мындай маселе, студенттердин окуу жөндөмдүлүгүнө өнүгүшүнө жакшылап көңүл буруу керектигин белгиледи.

Экспериментке чейинки этапта студенттердин сүйлөөсүндөгүдөгү грамматикалык жана лексикалык жактан туура түзүлгөн сүйлөмдөрдүн саны орточо деңгээлде болгондугу, аларда лексикалык жана грамматикалык көндүмдөрдү андан ары өнүктүрүүгө өбөлгөлөрдүн бар экендигин тастыктады. Ал эми орус тилин үйрөнүүдө өз алдынчалуулуктун төмөндүгү окуучулардын мотивациясынын төмөндүгүн күбөлөндүрдү.


Сүйлөө материалын уюштуруу методдорунун жаңылыгынын төмөндүгү техникалык университеттин студенттери азырынча бардык жумушчу материалдар менен эркин иштей албагандыгын көрсөттү.

Ошентип, эксперименттин жыйынтыгы студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүгүү деңгээли жогору эместигин жана алардын оозеки кебинде сөздөрдү туура колдонуу жөндөмү жетишерлик деңгээлде өнүкпөгөндүгүн тастыктады.

Эксперименталдык топтордо, мурдагы жана жаңы киргизилген: кесиптик терминологияны туура колдонуу; пикир алышууда кесипкөй багытталган терминологияны колдонуу даражасы; орус тилинде профессионалдуу диалог түзүү пункттарында көрсөткүчтөр бир аз жогору болду. (3.4 – таблица жана 3.2 – диаграмма).

**3.4. Таблица - “Орус тили сабагында угуу жөндөмүнүн жыйынтыктары"**

| Критерийлер | Текст: *Алинекс – жаңы курулуш материалы”.* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Студенттердин саны - 250 | | | | | |
| | Интрансэко (ОДД-1-2- 18 тайпалары) | | ИСиТ (ПГС-1-2 – 18 тайпалары) | | ИНИТ (ПИН-1-2-18 тайпалары) | |
| | ЭГ | КГ | ЭГ | КГ | ЭГ | КГ |
| Тексттин негизги мазмунун түшүнүү (негизги теманы аныктоо үчүн, ой жүгүртүүнүн билдирүүсү) | 43 | 40 | 32 | 33 | 53 | 49 |
| Сөз агымында керектүү маалыматты бөлүү. | 35 | 38 | 39 | 36 | 50 | 52 |




**3.2.-диаграмма – Угуунун жыйынтыктары**

Экспериментке катышкан үч институттун 250 студенттеринин ичинен, 128и гана тексттин негизги мазмунун түшүнүшкөн, башкача айтканда, алар билдирүүнүн негизги темасын, кабарын аныкташкан; 66 студент - контролдук топтордон; 124 студент сүйлөө агымында керектүү маалыматты аныкташты, анын 56сы контролдук топтордон.

Салттуу окутуунун методологиясы боюнча сүйлөө билиминин, жөндөмүнүн жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн эксперименттин экинчи этабын аныктадык. Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн негизги деңгээлин аныктоо үчүн, студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууну камсыз кылуучу стратегия түзүлдү. Университеттин ар кайсы институттарынан

тандалган үч эксперименталдык топко алар кайра оозеки айтып берүү үчүн текст сунушталды. Бул үчүн студенттерге Хасанов Н. Б.тин "Орус тилинин практикалык курсу" окуу китебинен "Инженер кандай болушу керек?" (көлөмү 1536 белгиден турат) тексти сунушталды. (Бишкек, 2016).

Ишти текшерүү принциби боюнча"Инженер кандай болушу керек?" аттуу тексти компьютерде басып чыгарылып, тексттин мазмуну менен таанышуу үчүн студенттерге таратылды. Студенттерге 30 мүнөт убакыт берилди. Убакыт бүткөндөн кийин студенттер тексттин мазмунун айтып бериши керек. Кээде студентке жардам берүү үчүн тексттин мазмуну боюнча суроолор берилип турду. Экспериментте 250 студент сурамжылоого алынды. Негизги маалыматты толук жана так 78 студент бере алды. Алгачкы угуудан кийин алар тексттин мазмунун толук, текстке жакын айтып беришти. Контролдук топтордон - 84 студент биринчи тапшырманы аткара алышты. 172 студент эксперименталдык жана 166 студент көзөмөлдөө топторунан жарым -жартылай биринчи тапшырманы аткарышты.

Көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык, болгону 78 студент **теманы туура айтып берүү критерийлеринен** өтө алышты. Кийинчерээк белгилүү болгондой, булар орус тилинде окуган мектептерди аяктаган окуучулар болду. Ошондуктан, алар экспериментте берилген критерийлерге жооп берди, башкача айтканда, алар тексттин мазмунун оңой өз сөздөрү менен айтып беришти.


**Экинчи критерий** терминдерди жана профессионалдуулукту билүү. Эксперименталдык топтордон 84 студент жана контролдук топтордон 78 студент бул тапшырманы аткарышты. Эксперименталдык топтордон 166 студент жана контролдук топтордон 172 студент өз сөздөрүндө терминдерди жана профессионалдуулукту жарым - жартылай колдонушкан. Бул жерде экспериментке текстти сөзмө -сөз айтып берүүгө аракет кылган жана кээ бир бөлүктөрүн сөзмө-сөз айтып берген студенттер киргизилди. Бул жерде тексттин башы, же ортосу, же аягы берилгендиктен, натыйжада, кайра айтып берүү так эмес жана кыска деңгээлде болду.

**Үчүнчү критерий** мазмунду берүүнүн шайкештигин аныктоо. Эксперименталдык топтордон 121 студент жана контролдук топтордон 106 студент бул тапшырманы аткарышты.Эксперименталдык студенттердин 129у жана экспериментке катышкан 500 студенттин 44ү тапшырманы жарым -жартылай аткарышты. Кээ бир студенттер текстти чачыранды эпизоддор түрүндө айтышты, же анын мазмунун бир топ кыскартышты, же бирөө кайра айтууда темадан четтөөгө жол берилгендиги байкалды жана сөздөрүндө көркөм каражаттардын жоктугу, лексиканын монотондуулугу жана өтө кыска кайра айтылышы менен мүнөздөлдү.

**Төртүнчү критерий** билдирүүнүн логикалык түзүлүшүн аныктоо. Эксперименталдык топтордун 250 окуучусунан 56 окуучу, контролдук топтордон 84 окуучу берилген тапшырманы дээрлик аткарышпады. (3.5 – таблица жана 3.3 – диаграмма)

**3.5. Таблица – Сүйлөөнү аныктоо критерийлери**

| **Критерийлер** | **Текст**: *"Инженер кандай болушу керек?"* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Студенттердин саны 250 | | | | | |
| | Интрансэко(ОДД-1-2-18 тайпалары) | | ИСиТ (ПГС-1-2 18 тайпалары) | | ИНИТ (ПИН-1-2-18 тайпалары) | |
| | ЭГ | КГ | ЭГ | КГ | ЭГ | КГ |
| негизги маалыматты берүүнүн толуктугу жана тактыгы | 23 | 20 | 20 | 23 | 35 | 41 |
| терминдерди жана профессио-налдуулукту билүү | 25 | 28 | 24 | 21 | 35 | 29 |
| мазмундун ырааттуулугу | 36 | 30 | 41 | 37 | 44 | 39 |
| Билдирүү куруунун ырааттуулугу | 27 | 21 | 32 | 30 | 36 | 33 |




**3.3 – диаграмма – Инженер кандай болусу керек?**

Адабий тилдин нормаларын аныктоо максатында критерийлерге респонденттердин тексттин мазмунун кайра айтуудагы фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык кыйынчылыктары кошулду. Текстти кайра айтуу анализинин маалыматтары, сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй окуучулар грамматикалык каталарды (48,5%) кетиришти.

Аларга төмөнкүлөр кирди:

а) сөздөрдүн синтаксистик байланыш чөйрөсүндөгү боштуктар - 16,5%;

б) жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түзүлүшүндөгү боштуктар - 11,1%

в) татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшүндөгү кемчиликтер - 7, 2%;

г) бир өңчөй мүчөлөрү бар сүйлөмдөрдү түзүүдөгү боштуктар - 7,1%;

д) тике сөздү айтуудагы боштуктар - 6,6%.

Эксперименттин жыйынтыктары көрсөткөндөй, студенттер кээде мааниси толук эмес сүйлөмдөрдү колдонгондуктан жөнөкөй сүйлөмдөрдө көптөгөн каталарды кетиришти.

Студенттер сүйлөгөндө жөнөкөй, негизинен синтаксистик конструкцияларды колдонуп, сүйлөөдө метафораларды, салыштырууларды, эпитеттерди колдонбогондуктан, сүйлөөсүндө каталардын саны аз болгондуктан, жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүүдө (25,5%) жана башкарууда (13,:%) боштуктарды белгилөө орундуу болуп саналат. Кээде студенттер сүйлөөдө метафораларды жана эпитеттерди колдонуу боюнча өз билимдерин көрсөтүүнү каалап, сүйлөөдө колдонулбаган конструкцияларды жана фразаларды колдонушкандыктан, сүйлөө кебинде одоно каталарга жол беришкен.

Натыйжада, студенттердин билдирүүлөрүндөгү грамматикалык каталарды талдоонун маалыматтары, кээ бир студенттердин жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүүдө жана колдонууда кыйынчылыктарга дуушар болгондугун көрсөттү. Алар: кайталоолордо (15,5%); сөздөрдү башка мааниде колдонууда (8,5%); башка стилистикалык боёктогу сөздөрдү колдонууда (6,2%) кездешет.

Студенттердин сүйлөөдөгү жогорку каталары алардын лексикасынын начардыгын, кээ бир сөздөрдүн ордуна башка сөздөрдүн колдонушун, сөздөрдүн лексикалык маанисин билбестигин; терминологиялык айкалыштарды бузуп колдонушаарын айгинеледи. Кээ бир студенттердеги каталар катуу жана жумшак үнсүздөрдүн, басымы жок үндүүлөрдүн айтылышында да кездешкендиги, студенттер үчүн дайыма кыйынчылыктарды жараткандыктан, кээ бир учурда, студенттер сүйлөмдөрдүн ичиндеги жана аягындагы интонациялык тыныгууларды сактабай, кээде суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдү айтууда да ката кетиришкендиги байкалды.

Орус тилинин орфоэпиялык ченемдерине ылайык келүү көз карашынан алганда, эксперименталдык иштердин жыйынтыктары кыргыз тилдүү студенттердин орус тилине өз эне тилинин таасири менен шартталганын натыйжасында экендигин көрсөттү. Жана бул жагдай студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда методисттердин тыкыр көңүлүн талап кылат деген тыянакка алып келди. Демек, эксперименталдык маалыматтар техникалык университетте орус тилинин практикалык курсунда бакалавр студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана жакшыртууга аз көңүл бурулганын далилдеди.

Сабакта, эксперименттердин жыйынтыктары көрсөткөндөй, көбүнчө тексттер менен иштөөдө анын кайра айтылышы менен гана чектелинет.

Мындай мүнөздөгү көндүмдөр мазмунду механикалык жактан өнүктүрүүгө жардам берет, ал эми анда кездешкен ар кандай лингвистикалык каражаттар көп учурда эске алынбайт. Мазмунду кайра айтууда студенттердин мүмкүнчүлүктөрүн эч кандай чектебеш керек, тескерисинче, студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү каражаты катары иштелиши талапка ылайык.

Бардык контролдоо топторунда практикалык сабактар салттуу методология боюнча өткөрүлдү жана анын мазмуну төмөнкүчө түзүлдү:- жаңы материал; - жаңы материалды актуалдаштыруу;- ар кандай маселелерди, анын ичинде профессионалдык багыттагы маселелерди чечүү;- маалымдама материал менен иштөө; -өткөн теманы актуалдаштыруу;- белгилүү бир тема боюнча керектүү маалыматты издөө; - лексиканы семантикалаштыруу; -жазуу жүзүндөгү тест; - тема боюнча диалогдук жана монологиялык билдирүүлөрдү куруу; - теориялык билимдерди жалпылоо, системалаштыруу, тереңдетүү жана конкреттештирүү.

Буга байланыштуу аткарылуучу иш-аракеттер: “суроо-жооп-кайра айтуу-жазуу иши”, педагогикалык кызматташуу жагынан “мугалим-окуучу, мугалим-окуучу тобу” принцибине негизделди.

Эксперимент көрсөткөндөй, окутуучулардын көбү салттуу окутуу ыкмаларын артык көрүшкөндүктөн, айрымдары коммуникативдүү окутуу методдору бар болсо дагы, кээ бир учурларда түшүндүрүүчү-иллюстративдик жана репродуктивдүү окутуу методдоруна таянышты.

Активдүү ыкмаларды колдонгон мугалимдер аз, эксперименттин катышуучуларынын жалпы санынын 15% дан ашкан жок.

Эксперименталдык маалыматтар көрсөткөндөй, кээ бир мугалимдер Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү системасынын талаптарын этибарга алышпайт. Бирок, жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү мекемесинин талаптарына ылайык, орус тилинин гана эмес, бардык дисциплиналардын сабактары жогоруда айтылган документтердин талаптарына ылайык келүүгө жана коммуникативдик мүнөзгө ээ болууга тийиш.

Студенттерди байкоо маалыматтары көрсөткөндөй, алардын көбү "командада" иштөөнү жактырышат, бирок, алардын кээ бирлеринде топтук жана дискуссиялык процесстерге катышуу көндүмдөрү өтө начар өнүккөн же жок.

Долбоордун методун колдонуу, маалыматты эң ийгиликтүү өздөштүрүүнү, үйрөнүп жаткан тилде реалдуу баарлашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат жана билим берүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө мүмкүндүк берет.

Эксперименталдык топтордо орус тилин үйрөтүүдө үч түрдүү долбоорду колдондук: изилдөөчү, маалыматтык жана чыгармачылык. Пикирибизче, бул үч типтеги долбоор орус тилин окутуу процессинде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу менен органикалык түрдө алардын айкалышкандыгы менен мүнөздөлдү.

Көз карашыбызча, сабактын көбү текстти кайра айтуу сыяктуу формада өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу, мында адатта окутуучу тексттин мазмунун айтууну суранат ал адатта көп убакытын алат.

Көбүнчө практикалык сабактарда төмөнкүдөй көрүнүштү байкайбыз: студенттер жолдошторунун биринен өз пикирин билдирүүсүн суранышат, бирок алар өздөрү аны менен макул болуп, анын пикирине каршы чыкпай, каршылаш катары иш кылышпайт.

Ошентип, аныктоо экспериментинин жыйынтыгы боюнча, биз техникалык университеттин студенттеринин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн сапаттарын жакшыртуу жана методдорун иштеп чыгуу менен байланышкан негизги багыттарды:"Орус тили" дисциплинасы боюнча эксперименталдык иштерди жүргүзүү процессинде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун шарттарын аныктай алдык.

Аныктоочу эксперименттин биринчи этаптары КМКТАУнин Транспорт жана экология институтунда (ИНТРАНСЭКО), Архитектура жана Дизайн Институтунда (ИАД), Жаңы маалымат технологиялары институтунда (ИНИТ), Курулуш жана технология институтунда (ИСиТ), окуган бакалавр студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптануу жана өнүгүү деңгээлинин жетишсиздигин көрсөттү, бул эксперименталдык иштерди жүргүзүүгө толук негиз берди.

Орус тилин үйрөнүү процессинде окуучулардын сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү катары төмөнкү көндүмдөр тандалды: - кептик билдирүүнүн темасын аныктоо;- сүйлөө билдирүүсүнүн бөлүнүшү; -ар бир семантикалык бөлүктүн негизги идеясын аныктоо; - окуу көндүмдөрүнө ээ болуу; - сүйлөө көндүмдөрүн өздөштүрүү; - жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү.

Текстти текшерүүнүн **биринчи критерийине,** тактап айтканда **айтып берген тексттин темага дал келишине** ылайык: эксперименталдык топтордун студенттеринен 105 киши тапшырмасын толугу менен же жарым -жартылай аткаргандыгы белгилүү болду; ал эми контролдук топтордун студенттеринен - 85 киши биринчи тапшырманы толугу менен же жарым - жартылай аткарышкан. Экспериментке (эксперименталдык топ) катышкан 250 окуучунун 23ү тапшырманы аткара алган жок. Бул контролдоо топторундагы студенттер болду, алар тексттин башын, ортосун же аягын кайталап айткан 37 кишини камтыды.

Балким, ар бир параметр боюнча жыйынтыктарды талдоого токтолуунун кажети жоктур, анткени иштин натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгүн төмөндөгү таблицадан байкоого болот: респонденттердин 72,0% жакшы жыйынтыктарды көрсөтүшсө (эксперименталдык топ); 16,6% - орточо деңгээлдин көрсөткүчү, бул жерге тапшырманы жарым -жартылай аткарган студенттерди коштук, алар жалпысынан 88,6% ды түздү. Натыжалар 3.6 – таблицада көрсөтүлгөн.

**3.6. Таблица - Тексттин темага дал келиши**

| | ***Текст: "Куруучу – асыл кесип"*** | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Интрансэко (ОДД-1-2-19)(АД-1-2-19 тайпасы) | | | | | | ИСиТ (ПГС-1-2-19) (ГТС -1-2-19) тайпасы) | | | | | | ИНИТ (ПИН-1-2-19) (БИС-1-19) тайпасы | | | | | |
| | Студенттин саны-81 | | | | | | Студенттин саны-84 | | | | | | Студенттин саны-85 | | | | | |
